**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**10-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.08. 2025 № 10-1 Кайрагач-Арык айылы**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы № 633 тескемеге ылайык Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы үчүн “Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу лизингге кызматтык унаа сатып алуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы №633 тескемеге ылайык Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы үчүн “Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу лизингге кызматтык унаа сатып алуу боюнча сунуштарды карап чыгып, Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин депутаттары күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй **токтом кылат**:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-июлундагы №633 тескемеге ылайык Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы үчүн “Мамлекеттик лизинг компаниясы” аркылуу лизингге кызматтык унаа сатып алууга макулдук берилсин.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтү жогоруда аталган тескемеге ылайык “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ААКу менен белгиленген тартипте лизинг келишими түзсүн.
3. Жогоруда аталган тескемеге ылайык белгиленген тартипте лизинг боюнча төлөмдөрдү аткаруу үчүн Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинде тиешелүү жылдарга акча каражаты каралсын.
4. Финансылык жагын чечүү айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмүнө милдеттендирилсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 10-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**5.08. 2025-ж № 10-2 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген лизинг жолу менен атайын таштанды ташуучу техника сатып алуу жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан 2025-жылдын 17-январында бюджетти бекитүү тууралуу 2-чакырылыштын кезектеги 4-сессиясында атайын техника үчүн каралган 1млн сом акча каражатына таштанды ташуучу атайын техника сатып алуу боюнча токтом кабыл алып берүүнү суралган сунушун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесине жана “Бюджеттик кодексине” ылайык, депутаттар карап чыгып жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. 2025-жылга Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн бюджетинен лизинг жолу менен атайын техника сатып алуу үчүн бөлүнгөн 1 млн сом акча каражаты таштанды ташуучу атайын техниканы лизинг жолу менен сатып алууга макулдук берилсин.

2. Каражат айыл аймагынын бекитилген бюджетинин сметасына ылайык лизинг келишиминин шарттары боюнча пайдаланылсын.

3. Сатып алуу Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамына ылайык өткөрүлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз 10-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.08. 2025 № 10-3 Кайрагач-Арык айылы**

**Уйгур-Абад айылындагы Бостон көчөсүнүн № 63/1 дарегинде жайгашкан Турдиева Гулчехранын турак жай жер тилкесин бир бөлүгүн медициналык кызмат (центр) багытка өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы жөнүндө**

Уйгур-Абад айылындагы Бостон көчөсүнүн № 63/1 дарегинде жайгашкан Турдиева Гулчехранын турак жай жер тилкесин бир бөлүгүн 450,0 чарчы метр жер тилкесин медициналык кызмат багытка өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча топтолгон юридикалык документтери каралып чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жер кодекси” 12-беренеси жана “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк обьекттерин долбоорлоо жана курууга башка өзгөртүү киргизүүгө уруксат документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн обьекттердин ылайыктуулугун баалоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралу” 6-август 2021-жылдын №114-токтомун жетекчиликке алып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Уйгур-Абад айылындагы Бостон көчөсүнүн тургуну Турдиева Гулчехранын №63/1 дарегинде жайгашкан турак жай жер тилкесин бир бөлүгүнүн багытын медициналык кызмат (центр) багытка өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Уйгур-Абад айылындагы Бостон көчөсүнүн тургуну Турдиева Гулчехранын өзү жашаган №63/1 дарегинде жайгашкан турак жай жер тилкесин 450,0 чарчы метр жер тилкесин медициналык кызмат (центр) багытка өзгөртүп берүүдө Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер тилкесине менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен, белгиленген тартипте жер тилкесинин максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесинин багытын өзгөртүрүп берүү жагы сунушталсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезексиз**
**10-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**05.08. 2025 № 10-4 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагынын Алмалык участкасындагы 5 га жерге кыш заводу куруугa макулдук берүү жөнүндө**

“Дөбө-Коргон тазалык” ишканасынын жетекчиси М.Касимовдун Алмалык участкасындагы пайдалануугa ынгайсыз жайыт жерлерине инвесторлор тарабынан кыш заводу куруу боюнча 5 га жер тилкеси ажыратып берүүнү сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 27-беренесине жана “Жер кодексинин” 35-беренесине ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Алмалык участкасындагы жайыт катары колдонулуп келген, бирок учурда жайыт катары жараксыз деп табылган 5(беш) гектар жер аянтына кыш заводу куруугa макулдук берилсин.
2. Алмалык участкасына кыш завод куруугa ажратылган жер тилкесине мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Дөбө-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Касимовго жана айыл өкмөт башчысы И.Абдулхакимовго жүктөлсүн.

Төрага А.Сатвалдиев